ЯО 1.19

18

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**
**С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**«БЕКИТЕМИН»**
**С. Нааматов атындагы НМУнун ректору, а.-ч.и.к., проф.м.а.**

**Э. М. Байбагышов**

**2021-жылдын 31-майы**

# С. НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН АКАДЕМИЯЛЫК ЧЫНЧЫЛДЫК КОДЕКСИ

**НАРЫН -2021**

## Киришүү

Академиялык чынчылдык кодекси төмөнкү ченемдик-укуктук документтерге ылайык иштелип чыккан:

- 2003-жылдын 30-апрелиндеги №92 «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына;
- КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №496 «Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн орнотуу жөнүндө» токтомуна;
- Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 4-августундагы №106 Эмгек кодексине;
- КР Өкмөтүнүн 2004-жылдын 3-февралындагы №53 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүсүнүн билим берүү уюму жөнүндө жобого»;
- КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациялоо жөнүндө жобого»;
- КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайынын кафедрасы жөнүндө жобого»;
- КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайынын факультети жөнүндө жобого»;
- КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүүнүн окутуу-методикалык бирикмеси жөнүндө жобого»;
- КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын студенттерин учурдагы контролдоо жана орто аралыктык аттестацияны жүргүзүү жөнүндө жобого»;
- КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2009-жылдын 6-августундагы №824/1 буйругу менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда окуу процессин ECTSтин негизинде уюштуруу жөнүндө жобого»;
- С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин (мындан ары – университет) Уставына, университеттин окуу процессине тиешелүү ченемдик-укуктук актыларына.

Бул кодекс академиялык чынчылдыктын негизги түшүнүктөрүн жана принциптерин, аларды колдонуунун максаттары менен милдеттерин, билим берүү процессинин бардык катышуучуларынын академиялык чынчылдыкты сактоо боюнча укуктары менен милдеттерин, академиялык чынчылдыкты бузуулардын түрлөрүн жана алар жасалган учурда чараларды көрүү тартибин аныктайт.

Кыргыз Республикасындагы билим берүү ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актылар, университеттин Уставы жана аны өнүктүрүүнүн стратегиясы өзгөрүлгөн, негизги билим берүү программаларынын талаптары кайра каралган учурларда кодекске тиешелүү өзгөртүүлөр менен толуктоолор киргизилет.

**Академиялык чынчылдык** – бул билим берүү программаларын өздөштүрүүдө жана билим берүү ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырууда, анын ичинде, учурдагы, арадагы жана жыйынтыктоочу текшерүүнүн жазуу иштерин, өз алдынча иштерди, курстук иштерди, бүтүрүү квалификациялык иштерди, магистрлик диссертацияларды аткарууда, өзүнүн турумун билдирүүдө, билим берүү

процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелеринде колдонулуучу жүрүм-турум ченемдерин аныктоочу баалуулуктар менен принциптердин жыйындысы.

**Кодекс** – эрежелердин, принциптердин, ынанымдардын жыйынысы.

**Окуп жаткан** – университетте билим алып жаткан адам.

**Өзүн таануу** – окуп жаткандын өзүн өзү баалоо процесси, анын баштапкы учуру өзүнө байкоо жүргүзүү, өзүн талдоо болуп саналат.

**Өзүн өркүндөтүү** – окуп жаткандын өзүндө оң сапаттарды тутумдуу калыптандыруу жана терс сапаттарды чектөө же четтетүү боюнча максатка ылайыктуу ишмердүүлүгү.

**Субординация** – бул иерархиялуулук принциби боюнча курулган, жетекчилер менен баш ийген кызматчылардын ортосунда тийиштүү аралыкты сактоого багытталган кызматтык мамилелер.

**Чынчылдык** – бул адептүүлүктүн эң маанилүү талаптарынын бирин чагылдыруучу моралдык сапат. Ал тууралыкты, принциптүүлүктү, алган милдеттенмелерине ишеничтүүлүктү, жүргүзүп жаткан ишинин тууралыгына субъективдүү ынангандыкты, адам өзү жетекчиликке алган мотивдерге карата коомдун жана өзүнүн алдында ак ниеттүүлүктү, башка адамдардын аларга мыйзамдуу таандык болгон укуктарын таанууну жана сактоону ичине камтыйт.

**Этикет** – адеп-ахлактын принциптеринин тышкы мазмунун билдирүүчү жана коомдо сылык, кылдат мамиле кылуу (манера, кийим-кече ж.б.) эрежелеринен туруучу жүрүм-турумдун туруктуу тартиби. Жүрүм-турумдун туруктуу тартиби адамдарга карата мамиленин тышкы көрүнүштөрүнө тиешелүү туруктуу жүрүм-турум эрежелеринин жыйындысын туюнтат.

## 1. Жалпы жоболор

**1.1. Ушул кодекстин максаты** академиялык чынчылдыктын регламентин аныктоо, билим берүү процессинин бардык катышуучуларында (окуп жаткандарда, профессордук-окутуучулук курамда, административдик-башкаруучу жана окуу-көмөкчү персоналда) академиялык чынчылдыктын эрежелерин сактоо зарылдыгын түшүнүүнү калыптандыруу болуп саналат.

**1.2. Академиялык чынчылдык жаатындагы милдеттер** төмөнкүлөр болуп саналат:

1.2.1. Адистерди даярдоонун сапатын жогорулатууга көмөктөшүү.

1.2.2. Окуп жаткандардын академиялык чынчылдыгын камсыздоого жол берүүчү шарттарды түзүү.

1.2.3. Проблемалуу маселелер менен кырдаалдарды жөнгө салуу аркылуу академиялык чынчылдыкты бузуулар учурларын болтурбоо.

## 2. Академиялык баалуулуктар жана принциптер

**2.1. Ак ниеттүүлүк.** Өзүнүн милдеттерин аткарууга карата чынчыл жана ак ниеттүү мамилени ченем деп эсептөө: аларды тыкан жана мажбурлоосуз аткаруу. Бардык жерде жана дайыма өзүнүн окуу жайын татыктуу тааныштыруу, анын оң имиджин түзүүгө түрткү болуу, университеттин дубалдарынан сыртта окуп жаткандардын ар бири анын ыйгарым укуктуу өкүлү болуп саналарын эсте тутуу.

**2.2. Өзүн таануу, өзүн өркүндөтүү.** Бул принцип «Өзүңдү өзүң тааны жана өзүңдүн жакшылык менен адилеттүүлүккө багыт алган ички дүйнөңдү калыптандыр» принциби боюнча өзүнүн үстүнөн үзгүлтүксүз иштөөгө негизделет.
**2.3. Абийирдүүлүк.** Окуп жаткандардын маектешүүлөрүндө башка окуп жаткандардын, ошондой эле окутуучулардын жана университеттин жетекчилигинин кесиптик же жеке касиет-сапаттарын эл алдында сындоого, ошондой эле ушак айтууга жана кордоого жол берилбейт. Окуп жаткан башка башка окуп жаткандарга карата көңүлүн оорутпаган жана сылык-сыпаа болууга, алардын окуусуна, окуудагы дараметтүү оорчулуктарга жана башка тилектештикти талап кылуучу проблемаларга кирүүчү маселелер боюнча маалымдап турууга тийиш. Окуп жаткандар менен окутуучулардын, ошондой эле университеттин жетекчилигинин ортосунда ишенчиликтүү мамилелер орногон болуусу абзел. Ишеничке окуп жаткандардын чынчылдыгы жана сылыктыгы аркылуу жетишилет.
**2.4. Инсандын укуктарын, ар-намысын жана абийирин сыйлоо.** Окуп жаткандар бийик ишкердик жана жалпы маданиятты сактоого милдеттүү. Университетте окуп жаткандардын ортосундагы мамилелер өз ара сыйлашуунун, ишеничтин, кызматташтыктын, өз ара түшүнүүнүн, өз ара жардамдын, бири бирине чыдамдуулуктун, сабырдуулуктун принциптерин сактоонун – башка элдердин үрп-адаттары менен салттарына чыдамдуулукту жана сый-урматты көрсөтүүнүн, ар кыл этникалык, социалдык топтордун жана диний конфессиялардын маданий жана башка өзгөчөлүктөрүн эске алуунун негизинде курулат.
**2.5. Университеттин салттарын сактоо жана көбөйтүү.** Университетте окуп жаткан адам анын салттарын урматтоого, чыңдоого жана көбөйтүүгө, университеттин студентинин, магистрантынын, аспирантынын жана бутүрүүчүсүнүн наамын чынчылдык жана абийирдүүлүк менен алып жүрүүгө, дайыма өзүнүн жүрүм-туруму жана кылык-жоруктары менен университеттин кадыр-баркын жана аброюн түшүрбөөгө аракеттенүүгө тийиш.
**2.6. Жаш курагы боюнча улууларга жана макамы боюнча жогоруларга сый-урмат көрсөтүү, субординацияны сактоо.** Жаш курагына, макамына, кызматына карабай бардык кызматчылар жасоого тийиш болгон биринчи нерсе – бул учурашуу. Университетте окуп жаткандар, ошондой эле анын кызматчылары бардыгы менен – жогорку жетекчиликтен баштап кароолчуга жана жыйнап-тазалоочуга чейин учурашуусу абзел. Окуп жаткандар жана кызматчылар эч качан башкаларга жеке маселелер боюнча суроолор менен чагым кылбоого тийиш. Жалпы милдеттерди бардык аткаруучулардын ортосунда бирдей бөлүктөрдө бөлүштүрүү керек. Бул натыйжаларды алып келбеген, жумуш процессине байкоо гана жүргүзгөн кызматчылардын пайда болуусун болтурбоого жардам кылат. Группалаштарына же кесиптештерине күнөөнү оодара салбай, өзүнүн каталары үчүн өзү жооп берүүгө үйрөнүү кажет. Кандай гана окуя болсо да, дайыма токтоо, жакшылык каалаган атмосфераны сактоо. Көзү жокто жетекчини же кесиптешин, группалашын талкуулабоо. Улууларга сый-урмат көрсөтүү жана субординациянын эрежелерин бузуу терс кесепеттерге алып келет. Ишкердик этикеттин принциптерин көңүлгө албаган кызматчы жетекчинин көзүндө ишенимдүү болуудан калат. Ал эми өзүнө баш ийгендерди теңсинбеген жетекчи, эч качан абройлуу боло албайт. Мындан тышкары, сый-урматтын жана субординациянын эрежелерин сактабоо үчүн эскертүү, сөгүш алууга же керек болсо бошоп, окуудан чыгып калууга болот.

**2.7. Академиялык чынчылдык.** Университетте окуп жаткан адам окуу сабактарынын бардык түрлөрүнө жана текшерүүнүн формаларына ак ниеттүүлүк менен маамиле жасайт, окуу процессинде жалганчылыктын, тартипсиздиктин, алдамчылыктын көрүнүштөрүнө, мисалы, төмөнкүлөргө, жол бербейт:
- жүйөөлүү себептерсиз сабактарды калтырууга;
- сабак калтырууларды жалган жүйөөлүү себептер менен актоого;
- өзүнүн убактысын жана башкалардын убактысын сыйлабоого (кечигүүлөргө, милдетин аткарбоого);
- текшерүү жол-жоболоруна өзүнүн ордуна башка адамдарды киргизип өтүүгө, башка адамдар үчүн окуу жумуштарын аткарууга, башка адамдар тарабынан даярдалган окуу тапшырмаларын тапшырууга;
- даяр окуу материалдарын (рефераттарды, өз алдынча, курстук, текшерүү, бүтүрүү квалификациялык иштерин, магистрлик диссертацияларды ж.б. иштерди) өз эмгегинин натыйжалары катары көрсөтүүгө;
- окууда алдыга жылуу үчүн бир туугандык жана башка байланыштарды колдонууга;
- аудиторияда сабак учурунда сырткаркы иштерди жасоого;
- окутуучу берген суроого жооп берүү учурунда анын жана өзүнүн группалаштарынын сөзүн бөлүүгө;
- сабак учурунда уюлдук телефонду өчүрбөй коюуга;
- сабактардын жана тыныгуулардын учурунда университеттин коридорлорунда катуу сүйлөшүүлөргө жана башка ызы-чууга жол берүүгө;
- китепканада, компьютердик класстарда жана окуу-илимий ишмердүүлүгүнө арналган жалпы колдонуудагы башка жайларда тынчтыкты сактабоого.

## 3. Жүрүм-турум маданияты жана тышкы кебете

3.1. Окуп жаткандардын ар бири – университеттин жамаатынын мүчөсү, ошондуктан кесиптик деңгээлге болгон азыркы талаптарга гана эмес, жогору адеп-ахлактык ченемдерге да жооп берет.
3.2. Университетте окуп жаткан адам төмөнкүлөрдү жасайт:
- жалпы жүрүм-турум маданиятын сактайт, адамдарга карата сылыктыкты, көңүл бурууну, жакшылык каалоочулукту, боорукердикти, тактыкты, тыкандыкты көрсөтөт;
- өзүнүн кебинин жана баарлашуу стилинин маданиятына кам көрөт;
- жаш курагына жана/же кызматтык абалына карабай бири-бирине «сиз» деп кайрылат;
- окутуучу менен өйдө туруп учурашат;
- тазалыкты сактайт, университеттин мүлкүнө этият мамиле кылат;
- сергек жашоо мүнөзүнүн принциптерин сактоого умтулат жана алардын студенттик чөйрөдө орун-очок алуусуна түрткү болот;
- богооздукка, оройлукка, этибарсыздыкка, ыгы жок теңтушсунууга жол бербейт, өзүнүн кебинде жаргон сөздөрдү колдонуудан качат, адилеттүү сын-пикирлерге туура мамиле кылат;
- кийим-кечеде жана тышкы кебетеде жакшы табитти калыптандырууга умтулат, өзүнө көңүлдү бурдурган экстраваганттуу кийим-кечеден, ашыкча ачык макияждан, зер буюмдарды көп тагынуудан, өзүнүн материалдык жактан бардарчылыгын ачык көрсөтүүдөн качат.

3.3. Окуп жаткандар жасоого тийиш эмес:
- сабактардын учурунда кыжыңдашууга, өзүн ыгы жок ачык-айрым, ыгы жок теңтушсунуп алып жүрүүгө;
- окутуучу менен өзүнүкүнөн башка кимдир бирөөнүн упайларын, бааларын талкуулоого.

## 4. Академиялык чынчылдыкты бузуулардын түрлөрү

**4.1. Алдамчылык** – белгилүү бир жагдайлар, окуялар, фактылар жаатында билип туруп адашууга киргизүү.
**4.2. Плагиат** – башка адамдын же илимий жамааттын илимий эмгегин өз эмгеги катары берүү, ошондой эле бөтөн чыгарманы өзүнүн ысымы менен жарыялоо, Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарында аныкталган автордук укукту бузуу.
**4.3. Көчүрүп алуу** – учурдагы, арадагы жана жыйынтыктоочу текшерүү жүргүзүү процессинде бааланууучу иштерди аткарууда, ошондой эле окуп жаткандардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясында колдонууга тыюу салынган материалдарды пайдалануу.
**4.4. Фальсификация** – маалыматтарды, айтымдарды атайылап бурмалоо/алмаштыруу (жасалма медициналык маалым кат көрсөтүү; окуп жаткандардын окуу жетишкендиктеринин базасына уруксатсыз кирүү; окуу документтерин, маалыматтарын жана отчетторун жасалмалоо; электрондук жана кагаз түрүндөгү зачеттук китепчедеги бааларды жана колдорду жасалмалоо; бардык деңгээлдердеги иштер менен документтердеги бааларды оңдоо).
**4.5. Маалыматты же техникалык түзүлүштөрдү укук ченемсиз колдонуу же жайылтуу** – бааланууучу иштерди аткаруу, тестирлөө учурунда; бааланууучу иштин ар кандай жоопторун мыйзамсыз жолдор менен алуу; уруксат кылынбаган жашыруун видео- же аудио жаздыруу.

## 5. Коррупциянын алдын алуу

5.1. Университетте окуп жаткандар коррупциялык тобокелдердин пайда болуусуна түрткү болуучу кызыкчылыктардын чыр-чатактарынан качууга жана аларга жол бербөөгө милдеттүү.
5.2. Кызыкчылыктардын чыр-чатактары кызматчынын же окуп жаткандын кызыкчылыктары алардын өз милдеттерин же кызматтарын атаруусуна таасир кылганда келип чыгат, бул окуп жаткандардын жана кызматчылардын укуктары менен кызыкчылыктарын бузууларга алып келет же алып келиши мүмкүн.
5.3. Кызыкчылыктардын чыр-чатактары келип чыккан, же болбосо алардын пайда болуу мүмкүнчүлүктөрү жаралган учурда окуп жаткан бул тууралуу жетекчиге маалымдоого укуктуу. Кызыкчылыктардын чыр-чатактары кирип келгенде жетекчи, кызматчынын кызматтык ыйгарым укуктарын жеке максаттарда колдонуусуна жол бербөө үчүн, мыйзамда аныкталган чараларды көрөт.
5.4. Окуп жаткандар университеттеги коррупцияга чыдамсыздыгын көрсөтүүгө тийиш.

## 6. Жол-жоболор

6.1. Ушул кодексти бузган учурда этика боюнча комиссиянын дарегине бузуунун мүнөзү жана таасир кылуу чарасы жөнүндө билдирүү жөнөтүлөт;
6.2. Этика боюнча комиссия апелляцияга берилген материалдарды объективдүү карап чыгуу үчүн жоопкерчилик тартат.
6.3. Плагиаттан качуу үчүн окуп жаткандардын жазуу иштеринин бардык түрлөрү (өз алдынча иштер, курстук иштер, бүтүрүү квалификациялык иштер, магистрлик диссертациялар) иштин оригиналдуулук даражасын айкындоого текшерүүдөн өтүшөт. Текшерүүнүн тартиби жана жол-жобосу өзүнчө жобо менен аныкталат.

## 7. Жоопкерчилик

7.1. Окуп жаткандар академиялык чынчылдыктын принциптерин бузуу үчүн моралдык жана тартиптик жоопкерчилик тартышат.
7.2. Аларды аткарууда академиялык чынчылдыктын принциптери бузулган иштер кабыл алынбайт жана бааланбайт.
7.3. Академиялык чынчылдык кодекси бузулган учурда окуп жаткандарга карата төмөнкү жаза чаралары колдонулат:
- эскертүү;
- өздүк делосуна жазуу менен катуу сөгүш;
- университеттен чыгаруу.

7.4. Академиялык чынчылдык кодекси бузулган учурда окутуучуларга карата төмөнкү жаза чаралары колдонулат:
- эскертүү;
- эмгек китепчесине жазуу менен катуу сөгүш;
- университеттеги кызматынан бошотуу.